156

Молдо Кылыч

Керме-Тоо

Тапшырган Х. [illegible]

23 бет

Рук. № 156
1990 г.
гор. Фрунзе

Молдо Кылыч

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв № 156
235
1990 г.
Кирг. ФАН ССР гор. Фрунзе

## КЕРМЕ ТОО

Ак кагазым алдымда,
Кара сия жиежим калемим.
Капилеттен сөз келсе
Катка жаза саламын.
Кең Кочкордон аттанып
Жолочулап жүргөмүн
Көрбөгөнүм көргөндө
Аң таң болуп калгамын.
Уккан менен көргөнүм,
Баян кылып жазамын,
Акыраган агын суу,
Арасынан жайнаган,
Алда канча саласы.
Төлөгөйү тең экен,
Артык жердин сарасы.
Мекен кылган эзелден,
Темир болот баласы.
Айдап чыккан ал жерден
Кашка майыр төрөсү
Аны ойлосом айыккыс
Жүрөктө чер жарасы.
Керме тоонун асылы
Бийик тоонун негизи
Аны алкап жазармын
Келгенинде өз кези.
Адырлаган айу тең
Алкымында көрүүсү
Күдүрү көп кыдак саз

28

Бары чептӱн уруусу.

Айтканымды агалар, кинектин 48 беды
Азыноолок угуцар.
Ай асмандын боорунда
Керме тоодой кайда бар
Агып жаткан арада
Алда канча дарыялар
Кечалбастан киргенде
Адам заат сандалар.
Туш тушунан кушлган
Туйлап аккан булактар.
Тунуктугу кӱмӱштей
Ичсе коңӱл кубантар
Кымыз ичкен немедей
Кыялданды жубантар
Канча ичсе даметип
Кайта-кайта тилетер
Жӱгӱрген аң учкан куш
Керме тоодо кӱн өтер
Кызыктыгы башкача
Кӱйӱттӱӱӱнӱ кӱлдӱрер
Нечен тӱрлӱӱ макулук,
Кербегенӱм билдиер.
Толегейи тең болгон
Адам керсе кубанар
Аскар бийик зоосунан
Канаттуулар кубанар

Жан жаныбар жаралган
Төрт аяктуу айбандар
Курт кумурска бей чаян
Канча уруу жыландар.
Өнүп өсүп мекендейт
Жалпы өсүмдүк жаныбар
Жан көрбөгөн өмүрү
Жайнап жаткан аңы бар.
Абалтадан барысы
Керме тоону жашынар
Жандар болсо көрбөгөн
Айык кылып сагынар
Өмүрүндө жүрбөгөн
Көргөн кезде таң калар
Тоосу асман мелжиген
Төбөсүндө мөңгүлөр.
Бөлөк-бөлөк бөлүнгөн,
Санат жетпес жылгалар.
Уккан адам оозун 49-б.
Көрбөдүм деп карманар.
Катар-катар Керме тоо
Бир бирине жалганар
Керме тоону жай кылып
Өткөн далай эл журттар
Кырылышкан талашып
Кыргыз казак калмактар
Жана башка көп урук
Жөн билбеген калыктар
Ортосунда Исык-Көл
Өзөүз калың балыктар 30

Күн жүрүшү Азиянын
Шималында ойроттор.
Күн чыгышын кададен
Алты шаар нойгуттар.
Иле жагын ээлеген
Илгертеден казактар
Катар жатып жердеген
Качантадан калмактар
Күн батышын чоюлуп
Түркстанга такалар
Эки ортосу керме тоо
Элде көп ко тандаңар.
Эси кетип сонун деп
Адам уулу сандалар
Айта берсең кызыгын
Аламга угулар.
Көрсө жарпы жазылат
Көкүрөктө муңу бар.
Аркар кулжа миндеген
Жайнап жаткан бугулар
Эчки теке эликтер
Ирегени сагалар
Кумдак жерде куюлган
Чаңдап жаткан куландар
Кууган болсо жеткирбейт
Нече үйөз дубандар.
Жейрени желген адырда
Жер жайнаган бөкөндөр
Тоо таламын топтогон